**«МАКУЛДАШЫЛГАН»**
Аккредитациялык Кеңештин
төрагасы Сарбанов С.Т.

Протокол № 9
04.07.2024-ж.

**«БЕКИТЕМИН»**
Директор Кошоева Б.Б.

Буйрук №2/008
04.07.2024-ж.

# Башталгыч кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын программалык аккредитациялоонун

# СТАНДАРТТАРЫ

*Аккредитация, рейтинг жана тастыктоочу көз карандысыз институтунун эксперттик кеңеши тарабынан сунушталган*

*Рецензенттер:*

1. *А.Н.Саттарова, Республикалык илимий-методикалык борбордун директорунун орун басары, АРТККИнин эксперти*
2. *Н.О.Умарова, директордун окуу, өндүрүштүк, усулдук иштер боюнча орун басары, АРТККИнин эксперти*

Башталгыч кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюму үчүн программалык аккредитациялоонун стандарттары/

Түзгөн: Б.Б. Кошоева, Алманбетова Ч.С.

– Бишкек, 2024. – 24 б.

Бул стандарттар статусуна, уюштуруу-укуктук формасына, ведомстволук баш ийүүсүнө жана менчигинин түрүнө карабастан баштапкы кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмун программалык аккредитациялоонун жол-жобосун даярдоого жана өткөрүүгө карата талаптарды аныктайт.

©АРТККИ, 2024

©Кошоева Б.Б.

© Алманбетова Ч.С.

**МАЗМУНУ**

1. Колдонуу чөйрөсү 4
2. Нормативдик шилтемелер 4
3. Терминдер жана аныктамалар 4-7
4. Белгилер жана кыскартуулар 7
5. Программаны аккредитациялоону өткөрүү тартиби 8-10
6. Стандарттар 10-12

Стандарт 1. «Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мезгил-мезгили менен баалоо»

Стандарт 2. «Билим берүүнүн натыйжаларын кабыл алуу жана таануу, окуучуларды (студенттерди) бүтүрүү»

Стандарт 3. «Жекече-багытталган окутуу жана окуучулардын окуу натыйжаларын баалоо»

Стандарт 4. «Педагогикалык жана окуу-жардамчы кызматкерлер»

Стандарт 5. «Материалдык-техникалык база жана маалыматтык ресурстар»

7. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн тартиби 13
8. Адабияттар 13

**Кириш сөз**

1. «Аккредитация, рейтинг жана тастыктоочу көз карандысыз институту» коомдук фонду тарабынан иштелип чыккан жана киргизилген (АРТККИ).
2. «АРТККИ» КФнын директорунун буйругу менен бекитилген жана ишке киргизилген. 04.07.2024-ж. Буйрук № 2/008

Бул стандарт «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 246 «Билим берүү чөйрөсүндөгү аккредитациялоо боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө» токтому ишке ашырылган.

**ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯЛООНУН СТАНДАРТТАРЫ ЖАНА КРИТЕРИЙЛЕРИ**

**Негизги жоболор**

## 1. КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ

1.1. Бул стандарттар программалык аккредитациялоону өткөрүүгө карата талаптарды аныктайт.

1.2. Бул стандарттар Билим берүү программаларын ишке ашыруучу башталгыч кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюму (БКББ ББУ) үчүн колдонулат.

1.3. Бул стандарттар Билим берүү уюмунун статусуна, уюштуруу-укуктук формасына, ведомстволук баш ийүүсүнө жана менчигинин түрүнө карабастан программалык аккредитациялоо жол-жоболорун өткөрүүдө колдонулат.

## 2. НОРМАТИВДИК ШИЛТЕМЕЛЕР

Бул стандартта төмөнкү ченемдик документтерге шилтемелер колдонулган:

2.1. 2023-жылдын 11-августундагы №179 «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

2.2. Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021-2023-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясы.

2.3. 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасы

2.4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы №200 «2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө» токтому.

2.5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 246 «Билим берүү чөйрөсүндөгү аккредитациялоо боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө» токтому

2.6. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башталгыч кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты.

## 3. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

Бул стандартта «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларына ылайык терминдер жана аныктамалар колдонулат.

Булардан тышкары, бул стандарттарда төмөнкү аныктамалар белгиленген:

**Аккредитация** – билим берүү уюмунун же билим берүү программасынын стандарттардын талаптарына жана критерийлерине ылайык келүүсүн таануу максатында жалпы

билим берүү уюмунун же анын айрым билим берүү программаларынын сапатынын деңгээлин баалоо тартиби.

**Программалык аккредитация** – билим берүү уюмунун айрым программаларынын белгилүү критерийлерге жана стандарттарга ылайыктуулугун баалоо жол-жобосу.

**Билим берүү программаларынын сапаты –** окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн компетенттүүлүк деңгээлинин билим берүү стандарттарынын талаптарына жана билим берүү программаларын ишке ашыруучу уюм тарабынан белгиленген кошумча талаптарга ылайык келүүсү.

**Компетенция** – окуучунун (билим алуучунун) белгилүү бир тармакта натыйжалуу жемиштүү ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон билим берүү даярдыгы үчүн алдын ала белгиленген коомдук талап (норма).

**Компетенттүүлүк** – адамдын белгилүү бир кырдаалда (билим берүү, жеке жана кесиптик) билимдердин жана көндүмдөрдүн ар кандай элементтерин өз алдынча колдонуунун комплекстүү жөндөмү.

**Окуучулардын (билим алуучунун) окуу натыйжалары** – бул билим берүү программасы боюнча окуу аяктагандан кийин студенттер ээ болушу керек болгон компетенциялардын, билимдердин жана көндүмдөрдүн жыйындысы.

**Модуль -** окутуунун жана тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык толуктукка ээ болгон билим берүү программасынын бөлүгү же окуу дисциплинасынын бөлүгү.

**Кесиптик билим берүү жана окутуу үчүн Европалык кредиттик система (European Credit System for Vocational Education and Training - ECVET) –** бул ар кайсы өлкөлөрдө, уюмдарда жана билим берүү контексттеринде кесиптик квалификацияга жетишүү үчүн кредит түрүндө окутуу, баалоо, которуу, топтоо, валидациялоо жана окутуунун натыйжаларын таануу процесстерине көмөктөшүү максатында иштелип чыккан система.

ECVET боюнча 60 кредит студенттин бир окуу жылындагы толук жүктөмүнө туура келет.

**Кредит -** студенттин аны бүтүрүү үчүн талап кылынган окуу жүгүн мүнөздөө үчүн дисциплинанын бирдиктерине туура келген жана БКББда академиялык окуунун толук жылын аяктоо үчүн жумуштун жалпы көлөмүнө салыштырмалуу ар бир курс боюнча талап кылынган иштин көлөмүн чагылдырган сандык маани. ECVET кредити талап кылынган ишти бүтүргөндөн жана жетишилген окуу натыйжаларына тиешелүү баа алгандан кийин гана алынышы мүмкүн.

**Билим берүү кызматтарынын мониторинги -** билим берүү ишинин процесстери жана жол-жоболору жөнүндө маалыматтарды чогултуу жана талдоо.

**Билим берүү программасы –** окутуунун тиешелүү чөйрөсүндө окуу процессинин максаттарын, күтүлгөн натыйжаларын, мазмунун жана ишке ашырылышын жөнгө салуучу окуу-методикалык документтердин жыйындысы.

**Керектөөчү (кызыкдар тараптар)** – өнүмдөрдү же кызматтарды алуучу уюм же адам (студенттер, алардын ата-энелери, иш берүүчүлөр, мамлекет).

**Тышкы аудиторлордон турган комиссиянын БКББнын билим берүү уюмуна баруусу** – аккредитациялоо процессинин жалпы кабыл алынган бөлүгү болуп саналган тышкы баалоо компоненти. Тышкы эксперт-аудиторлор БКББ ББУлардын өзүн-өзү баалоо материалдарын текшерүү, инженердик-педагогикалык курамдын, окуучулар, кызматкерлер менен маектешүүлөрдү өткөрүү жана көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын жана натыйжалуулугун баалоо, ошондой эле аларды жакшыртуу боюнча сунуштарды берүү үчүн барышат. Иш сапардын жыйынтыгы – башталгыч кесиптик билим берүүгө билим берүү уюмунун аудити боюнча отчету болуп саналат.

**Процедура** – кандайдыр бир ишти же процессти жүзөгө ашыруунун белгилүү жол-жоболору.

**Процесс** – «киргизүүнү» «чыгарууга» айландыруучу өз ара байланышкан жана өз ара аракеттенүүчү иш-аракеттердин жыйындысы.

**Окуунун натыйжалары** – билим берүү программасы/модуль боюнча окутуунун натыйжасында алынган компетенциялар.

**Сапат системасы** – белгиленген эрежелерге жана кабыл алынган методдорго ылайык сапатты башкаруунун белгилүү иш-милдеттерин аткарган жана билим берүү программасынын бардык бүтүрүүчүлөрү кесиптик стандарттарга ылайык белгиленген талаптарга жооп беришин камсыз кылган уюмдагы жол-жоболордун, бөлүмдөрдүн жана кызмат адамдарынын жыйындысы.

Аккредитациянын стандарттары – аккредитациялоо процедурасына талаптарды белгилеген аккредитациялоо органынын документтери.

Кардарларды канааттандыруу – керектөөчүлөрдүн алардын талаптарынын канчалык деңгээлде аткарылып жатканын кабыл алуусу.

**4. БЕЛГИЛЕР ЖАНА КЫСКАРТУУЛАР**

Бул стандартта 2-пунктта көрсөтүлгөн ченемдик документтерге ылайык кыскартуулар колдонулат.

Мындан тышкары, ушул стандартта төмөнкү белгилер жана кыскартуулар колдонулат:

**КР** – Кыргыз Республикасы;

**КР ББИМ** – Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги;

**БКББ ББУ** – Башталгыч кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюму;

**ТЭК** – Тышкы эксперттик комиссия;

**МББС** – Мамлекеттик билим берүү стандарты;

**АРТККИ** – Аккредитация, рейтинг жана тастыктоочу көз карандысыз институту

**ОКП** – окуу-көмөкчү персонал;

**ББП** – Билим берүү программасы;

**АК** – Аккредитациялык кеңеш.

## 5. ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯЛООНУ ӨТКӨРҮҮНҮН ЖОЛ-ЖОБОСУ.

**Негизги жоболор**

5.1. Кесиптик башталгыч билим берүүнүн билим берүү уюмунун программалык аккредитациядан өтүүгө төмөнкү көчүрмөлөрдү тиркөө менен арыз берүүсү: билим берүү уюмунун Юстиция министрлигинде катталгандыгы жөнүндө күбөлүк, билим берүү ишин жүргүзүү укугуна лицензия жана аккредитацияланууучу программалар боюнча студенттердин саны жөнүндө маалымат.

5.2. Билим берүү уюмунун (ББУ) арызын АРТККИ тарабынан кароо.

5.3. Билим берүү уюмунун ББПнын программалык аккредитациялоо процедурасын баштоо жөнүндө АРТККИнин чечимин кабыл алуу. АРТККИ менен ББУнун ортосунда аккредитациялоо боюнча келишим түзүү.

5.4. Билим берүү уюмдары үчүн АРТККИ программалык аккредитациялоону өткөрүүнүн критерийлерин жана жол-жоболорун түшүндүрүү боюнча окутууларды уюштурат. Билим берүү уюмунун жетекчилиги программалык аккредитациялоонун теориясы, методикасы жана технологиясы маселелери боюнча окутуу семинарына катышуу үчүн кызматкерлерди өз алдынча аныктайт.

5.5. Билим берүү уюмунун АРТККИ тарабынан белгиленген талаптарга ылайык өзүн-өзү баалоону жүргүзүүсү жана өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту (орус же кыргыз тилдеринде) АРТККИге электрондук жана катуу/кагаз түрүндө ар бир тил боюнча 1 нускада берүү.

5.6. Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоо боюнча отчетун талдоонун негизинде АРТККИ төмөнкү чечимдерди кабыл алууга укуктуу:

- өзүн-өзү баалоо боюнча отчеттун материалдарын кайра карап чыгуу зарылчылыгы жөнүндө сунуштарды иштеп чыгуу;
- тышкы эксперттик баа берүүнү жүргүзүү;
- өзүн-өзү баалоо боюнча отчет ушул стандарттардын критерийлерине ылайык келбегендигине байланыштуу программаны аккредитациялоо жол-жоболорун өткөрүү мүмкүн болбогондуктан аккредитациялоонун мөөнөтүн кийинкиге жылдыруу.

5.7. Билим берүү мекемесинин билим берүү программасына баа берүү үчүн АРТККИ тышкы эксперттик комиссияны (мындан ары - ТЭК) түзөт, ал АРТККИнин директорунун буйругу менен бекитилет. Эксперттик комиссиянын курамына академиялык

коомчулуктун өкүлдөрү, иш берүүчүлөр жана Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын студенттери кирет.

5.8. АРТККИ билим берүү уюму менен программаны аккредитациялоонун мөөнөтүн жана ТЭКтин иш сапарынын программасын макулдашат.

5.9. Тышкы эксперттик комиссиянын иш сапарынын узактыгы 2-3 күндү түзөт. Иш сапардын жүрүшүндө билим берүү уюму кызматтарды көрсөтүү жөнүндө келишимге ылайык ТЭКтин иштеши үчүн шарттарды түзөт:

- комиссиянын ар бир мүчөсү үчүн өзүн-өзү баалоо жөнүндө отчеттун электрондук жана кагаз түрүндөгү версиясын берет;
- ТЭКтин мүчөлөрүнө керектүү оргтехниканы берет;
- ТЭКтин иш сапарынын программасына ылайык инфраструктураны жана ресурстарды текшерүүнү, жолугушууларды, анкеталоону, интервьюларды жана ТЭКтин ишинин башка түрлөрүн уюштурат;
- суралган маалыматты берет;
- ТЭКтин ишин сүрөткө же видеого тартууну уюштурат;
- Иш сапардын жыйынтыгында АК АРТККИнин жыйынына билим берүү уюму жөнүндө кыскача маалыматтык мүнөздөмөнү камтыган презентация даярдайт.

5.10. Иш сапар аяктагандан кийин тышкы эксперттик комиссия Билим берүү программаларын баалоо боюнча отчетту жана ТЭКтин иш сапарынын жүрүшү жөнүндө презентация даярдайт.

5.11. Отчет ТЭКтин иш сапарынын сыпаттамасын, АРТККИ стандарттарынын критерийлерине ылайык ББУнун билим берүү программаларынын ылайыктуулугуна кыскача баа берүүнү, билим берүү программасын жакшыртуунун жана билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча сунуштарды камтыйт.

Аккредитациялык кеңешке сунуштар билим берүү уюмунун статусу жөнүндө сунуштаманы (аккредитациялоо/аккредитациялабоо) жана аккредитациялоонун сунушталган мөөнөтүн камтыйт.

5.12. ТЭКтин отчету, анын ичинде сунуштар ТЭКтин мүчөлөрү тарабынан жамааттык түрдө иштелип чыгат.

5.13. Аккредитациялык кеңеш тарабынан программалык аккредитациялоо жөнүндө чечимди кабыл алуу үчүн негиз болуп ББПны баалоо боюнча ТЭКтин алдын ала корутундусу жана билим берүү уюмунун ББПнын өзүн-өзү баалоосу жөнүндө отчету эсептелет.

5.14. ТЭКтин төрагасы билим берүү уюмунун иш сапарынын жыйынтыктары боюнча аккредитациялык кеңештин алдында сүйлөйт. Төраганын келбей калышына объективдүү себеп болгон учурда АРТККИнин директору ТЭКтин мүчөлөрүнүн ичинен төраганы

дайындайт. ТЭКтин төрагасын алмаштыруу АРТККИнин буйругу менен жол-жоболоштурулат.

5.15. Аккредитациялык кеңештин курамы анын иши жөнүндө жобого ылайык аныкталат. Жыйналыш кворум болгон учурда өткөрүлөт.

5.16. Аккредитациялык кеңеш тышкы эксперттик комиссиянын сунушуна ылайык келбеген негиздүү чечим кабыл алууга укуктуу.

5.17. АРТККИнин Аккредитациялык кеңешинин өзгөчө компетенциясына билим берүү программаларын аккредитациялоо же аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө чечимдерди кабыл алуу кирет.

Аккредитациялык кеңеш төмөнкүдөй аккредитациялоо чечимдерин кабыл алат:

- 5 жыл – бардык аккредитациялык стандарттарга жооп берген шартта;
- 3 жыл – бир аккредитациялык стандартка ылайык келбеген шартта;
- 1 жыл – аныкталган кемчиликтерди жоюу жана аларды жакшыртуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү талап кылуу менен эки аккредитациялык стандартка жооп бербеген учурда;

- аккредитацияланбоо – экиден ашык стандартка жооп бербеген учурда.

5.18. АРТККИ билим берүү уюмуна АКнын чечиминин жыйынтыгы менен расмий катты жана АРТККИнин директору кол койгон билим берүү уюмунун программасын аккредитациялоо жөнүндө күбөлүк жөнөтөт. Андан ары аккредитациялоо жөнүндө маалыматтар КР ББИМге жөнөтүлөт жана АРТККИнин веб-сайтына жайгаштырылат. Ошондой эле веб-сайтта тышкы эксперттик комиссиянын отчету жайгаштырылат.

Аккредитациялоо жөнүндө сертификатты алгандан кийин билим берүү уюму өзүн өзү баалоо боюнча отчетту өзүнүн сайтына жайгаштырат.

5.19. Аккредитациялык кеңеш терс чечим кабыл алса, АРТККИ чыгарган чечим менен билим берүү уюмуна кат жөнөтөт.

5.20. Билим берүү уюму белгиленген тартипте кызмат көрсөтүү жөнүндө келишимге жана апелляцияларды жана даттанууларды кароо боюнча комиссия жөнүндө жобого ылайык, аккредитациялык кеңештин чечимине даттанууну АРТККИге жөнөтө алат.

5.21. Тышкы эксперттик комиссиянын жана АРТККИнин өкүлдөрүнүн компетенттүүлүгүнө күмөн саноо же тышкы эксперттик комиссиянын мүчөлөрү тарабынан одоно тартип бузуу аныкталган учурда билим берүү уюму даттануу менен АРТККИге кайрыла алат.

## 6. СТАНДАРТТАР

**1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мезгил-мезгили менен баалоо**

| № | Критерийлери |
|---|---|
| 1.1. | Билим берүү уюмунун миссиясына ылайык келген жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына жооп берген билим берүү программасынын так түзүлгөн билим берүү максатынын болушу. |
| 1.2. | Кесиптик, өндүрүштүк жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен иштелип чыккан эмгек рыногун чагылдырган жана билим берүү программасынын максаттарына ылайык келген жана окутуунун күтүлгөн натыйжаларында формулировкаланган документтердин болушу. |
| 1.3. | Билим берүү программасы боюнча так аныкталган жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келген окуу жүктөмүнүн болушу. |
| 1.4. | Билим берүү программасын өркүндөтүү максатында окуучулардын жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгил-мезгили менен баалоо. |
| 1.5. | Окуу планында каралган практикалык окуунун бардык түрлөрүнө (окуу, өндүрүштүк) билим берүү программасы боюнча орундарды берүү. |
| 1.6. | Билим берүү уюму билим берүү процессинде инновациялык окуу-методикалык ресурстарды жана технологияларды колдонот. |
| 1.7. | Мониторингдин жана мезгил-мезгили менен баалоонун жыйынтыктарын кызыкдар тараптарды тартуу менен талдоо, талкуулоо жана аны билим берүү процессин уюштурууну жакшыртуу үчүн пайдалануу. |
| 1.8. | Билим берүү программасын окуу-методикалык жактан камсыз кылуунун билим берүү максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келиши. |

**2. Билим берүүнүн натыйжаларын кабыл алуу жана таануу, окуучуларды (студенттерди) бүтүрүү**

| № | Критерийлери |
|---|---|
| 2.1. | Студенттерди тандоонун, кабыл алуунун жана бүтүрүүнүн калыс жана ачык жол-жоболорун колдонуу. |
| 2.2. | Толук жана өз убагында маалымат алуу, студенттерге тандап алган билим алуу жолу жана карьера мүмкүнчүлүктөрү боюнча кеңеш берүү. |
| 2.3. | Студенттердин окуудагы жетишкендиктери тууралуу маалыматты чогултуу, |

| | |
|---|---|
| | көзөмөлдөө жана көзөмөлдөө үчүн так жол-жоболор жана инструменттерге ээ болуу. |
| 2.4. | Окуучулардын күтүлгөн окуу натыйжаларына жетишүүсүн камсыз кылуу үчүн билим берүү уюму мурунку билимдин квалификациясын жана окуу мөөнөттөрүн объективдүү таанууну камсыз кылуу. |
| 2.5. | Билим берүү уюму тарабынан билим берүү программасын аяктаган жана күтүлгөн окуу натыйжаларына жетишкен окуучуларды алган квалификациясын, анын ичинде жетишилген окутуунун натыйжаларын, ошондой эле алынган билимдин мазмунун жана статусун жана анын аяктагандыгын тастыктаган билим берүү документи менен камсыз кылуу. . |

**3. Жекече-багытталган окутуу жана окуучулардын окуу натыйжаларын баалоо»**

| № | Критерийлер |
|---|---|
| 3.1. | Окутуунун ыкмаларын, билим берүү формаларын жана окутуу технологияларын баалоо жана тууралоо үчүн студенттердин үзгүлтүксүз пикирлерин колдонуу. |
| 3.2. | Баалоо процедурасынын объективдүүлүгүн жана айкындуулугун камсыз кылуу, анын ичинде жеңилдетүүчү жагдайлар жана баа берүүнүн натыйжаларына апелляциялоонун расмий жол-жобосун камсыз кылуу. |
| 3.3. | Студенттердин окуудагы жетишкендиктерин жана бүтүрүүлөрүн, бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна мониторинг. |
| 3.4. | Студенттердин окуусун таштоо себептерин талдоо, аларды сактап калуу жана окуу көрсөткүчтөрүн жакшыртуу боюнча кабыл алынган чаралар. |
| 3.5. | Студенттердин арыздарына жооп берүү үчүн иштелип чыккан жана ишке ашырылган жол-жоболордун болушу. |
| 3.6. | Студенттерди социалдык колдоонун кызыкдар тараптар үчүн документтештирилген жана жеткиликтүү системасынын болушу. |

**4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал**

| № | Критерийлер |
|---|---|
| 4.1. | Ишке ашырылып жаткан билим берүү программасына жана билим берүү процессинин талаптарына инженердик-педагогикалык кадрлардын жана окуу-көмөкчү персоналдын квалификациясынын, билиминин, тажрыйбасынын ылайык келиши. |
| 4.2. | Инженердик-педагогикалык кадрлардын билим берүү программасына, |

| | |
|---|---|
| | мамлекеттик билим берүү стандарттарына, эмгек рыногунун керектөөлөрүнө ылайык келген жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга өбөлгө түзүүчү колдонмолорду, окуу китептерин иштеп чыгуу жана басып чыгаруу боюнча иши. |
| 4.3. | Инженердик-педагогикалык кадрларды, окуу-көмөкчү персоналды кесиптик жана жеке өнүктүрүүгө түрткү берүү үчүн шарттарды түзүү. |
| 4.4. | Студентердин окуу натыйжаларына жетишүүсүнө колдоо көрсөтүү жана мотивациялоо үчүн студенттерди тийиштүү кадрдык ресурстар менен камсыз кылуу (насаатчылар, класс жетекчилер, жатакана мугалимдери, психологдор ж.б.). |
| 4.5. | Билим берүү уюму тарабынан иштелип чыккан жана ишке ашырылган билим берүү программаларында педагогикалык жана тарбиялык көмөкчү персоналдын квалификациясын жогорулатуу боюнча реалдуу пландардын болушу. |

**5. Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары**

| № | Критерийлер |
|---|---|
| 5.1. | Студенттерди, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга жеткиликтүү болгон зарыл материалдык ресурстар менен камсыз кылуу (китепкана фонддору, компьютердик класстар, окуу жабдуулары, жабдылган кабинеттер, лабораториялар, спорт зал, компьютердик жабдуулар, окуу полигондору, устаканалар жана башка ресурстар). |
| 5.2. | Окуучуларды окуу процессин толук ишке ашыруу үчүн зарыл болгон жабдуулар, окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-методикалык материалдар, анын ичинде электрондук материалдар менен камсыз кылуу. |
| 5.3. | Билим берүү чөйрөсүндөгү коопсуздуктун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрт коопсуздугунун эрежелери, эмгекти коргоо жана коопсуздук эрежелери). |
| 5.4. | Билим берүү уюму кеңири коомчулукка жана кызыкдар тараптарды маалымдоо үчүн маалыматты жайылтуунун ар кандай ыкмаларын (анын ичинде ММК, веб-ресурстар, маалыматтык тармактар, ОЖ сайты ж. б.) колдонот. |

## 7. ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ ЖАНА ТОЛУКТООЛОРДУ КИРГИЗҮҮНҮН ТАРТИБИ

7.1. Аккредитациялоонун колдонуудагы стандартына өзгөртүүлөр жана толуктоолор аны андан ары өркүндөтүү максатында киргизилет.

7.2. Стандартка өзгөртүүлөр жана толуктоолор АРТККИ тарабынан ишке ашырылат.

7.3. Билим берүү уюму жана башка кызыкдар органдар тарабынан колдонуудагы стандарттарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү демилгеси көтөрүлгөн учурда, сунуштар жана сын-пикирлер АРТККИге жөнөтүлөт.

7.4. АРТККИге келип түшкөн сунуштарды жана сын-пикирлерди белгиленген тартипте алардын негиздүүлүгүнө жана максатка ылайыктуулугуна экспертиза жүргүзөт.

7.5. Аккредитациялоонун колдонуудагы стандартына өзгөртүүлөр жана толуктоолор алар бекитилгенден кийин АРТККИнин директорунун буйругу менен өзгөртүүлөр менен жаңы редакцияда же колдонуудагы стандарттарга брошюра-тиркеме түрүндө бекитилет.

## 8. АДАБИЯТТАР


1. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы, 11-август, 2023-жыл, № 179

2. Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021-2023-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясы.

3. 2021-2040-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы №200 «2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө» токтому.

5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 246 «Билим берүү чөйрөсүндөгү аккредитациялоо боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө» токтому